PAPER DETAILS

TITLE: ????????????? ??????????? ?????????? ??????????????? ??????-?????? ???????????????

???????? ?????????

AUTHORS: Hasan YILMAZ,Carkinay TEMIRBEKOVA

PAGES: 1549-1572

ORIGINAL PDF URL: https://dergipark.org.tr/tr/download/article-file/701298

MANAS Sosyal Araştırmalar Dergisi 2019 Cilt: 8 Sayı: 2
MANAS Journal of Social Studies 2019 Vol.: 8 No: 2

**Atıfta Bulunmak İçin / Cite This Paper:** Yılmaz, H. ve Temirbekova, C. (2019). "Окуучулардын Баалоосуна Караганда Кыргызстандагы Билим-Берүү Системасындагы Көрүнгөн Көйгөйлөр", *Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi*, 8 (2): 1549-1572
**Geliş Tarihi / Received Date:** 18.02.2019 **Kabul Tarihi / Accepted Date:** 25.02.2019

**Araştırma Makalesi**

# ОКУУЧУЛАРДЫН БААЛООСУНА КАРАГАНДА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БИЛИМ-БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ КӨРҮНГӨН КӨЙГӨЙЛӨР[1]

**Doç. Dr. Hasan YILMAZ**
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Eğitim Fakültesi
*hasanyilmaz2001@hotmail.com*
ORCID ID: 0000-0002-9069-1524

**Carkınay TEMİRBEKOVA**
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi
*jtemirbekova12@gmail.com*
ORCID ID: 0000-0001-6736-8852

**Мазмун**

Заманбап билим берүүдө мектепте башкаруу жана окууту кызматтарынан тышта калган, бирок окуучунун ийгилигине таасир көрсөткөн факторлорго байланыштуу кызмат тармагы индивидуалдык өнүгүү кызматы катары аталып келет. Окуучуга багыттылган индивидуалдык өнүгүү кызматтарынын негизги максаты окуучунун мектепти болушунча пайдалануусун камсыздоо. Заманбап билим-берүү системасында мектептердин ийгиликтүү боло алуусу билим-берүү, башкаруу жана окуучуга багытталган индивидуалдык кызматтарынын кызматташуусу жана макулдашуусу менен гана ишке ашат. Жасалган изилдөөнү негизги максаты Кыргызстандагы билим-берүү мекемелеринде психологиялык кеңеш жана көмөккө болгон муктаждыгына көңүл буруу. Аныкталышы керек болгон көйгөйлөрдүн көптүгү мектептердеги көмөк жана кеңеш кызматтарынын жетишсиздигине басым жасалышы керек экени күтүлүүдө. Изилдөөдө абалды аныктоону максат кылган үчүн сканер ыкмасы колдонулган. Бул ыкманын талабына ылайык 12-17 жаш арасы өзгөргөн жана 7-11- класстар ичинде билим алган 499 окуучуга көйгөйлөрдү анализдөө шкаласы колдонулган жана көрүнгөн көйгөйлөрдү класстарга бөлүү менен карап чыккан. Изилдөөнүн аягында мектеп жана окуу курал жабдыктарына байланыштуу көйгөйлөр менен жеке адамга байланыштуу көйгөйлөр жана кесип, келечекке байланыштуу тынчсыздануулар эң көп учураган көйгөйлөр экени көрүнгөн. Ден-соолук жана туура тамактануу көйгөйлөрү менен үй жана үй-бүлөгө байланыштуу көйгөйлөр болсо, эң аз учураган көйгөйлөр экени көрүнгөн. Көрүнгөн көйгөйлөрдүн окуучулардын жынысы, жашы жана классына карап да, өзгөргөнү байкалган. Алынган жыйынтыктар талкууланган жана сунуштар көрсөтүлгөн.

**Ачкыч сөздөр**: окуучунун көйгөйлөрү, көйгөй анализи, Кыргызстандын билим берүү системасы.

[1] Бул макала Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Коомдук илимдер институтунун педагогика багытынын магистранты Жаркынай Темирбекованын др., доцент Хасан Йылмаздын жетекчилиги менен даярдап жаткан магистрдык диссертациясынан алынды.

ISSN: 1694-7215

# ÖĞRENCİLERİN DEĞERLENDİRMELERİNE GÖRE KIRGIZİSTAN EĞİTİM SİSTEMİNDE YAŞANAN SORUNLAR[1]

**Öz**

Çağdaş eğitimlerde okulda yönetim ve öğretim hizmetleri dışında kalan ancak öğrencinin başarısını etkileyen faktörlere yönelik hizmet alanı öğrenci kişilik hizmetleri olarak isimlendirilmektedir. Öğrenci kişilik hizmetlerinde temel amacı öğrencinin okuldan mümkün olduğunca faydalanmasını sağlamaktır. Çağdaş eğitim sisteminde okulların başarılı olabilmesi öğretim, yönetim ve öğrenci kişilik hizmetlerinin iş birliği ve eşgüdümü içinde çalışması ile mümkündür. Yapılan araştırmanın genel amacı Kırgızistan'daki eğitim kurumlarında psikolojik danışma ve rehberliğe olan ihtiyaca dikkat çekmektir. Bu genel amaç çerçevesinde öğrencilerin değerlendirmelerine dayalı olarak okullarda yaşanan sorunları tespit etmek hedeflenmiştir. Tespit edilecek sorunların sıklığı ve şiddetinin okullardaki rehberlik hizmetlerinin eksikliğine vurgu yapması beklenmektedir. Araştırmada durum tespiti yapmak amaçlandığı için betimsel tarama yöntemi kullanılmıştır. Bu yöntemin gereği olarak yaşları 12-17 arasında değişen ve 7. ve 11 sınıflar arasında öğrenim gören 499 öğrenciye problem tarama envanteri uygulanmış ve saptanan sorunlar sınıflandırılarak incelenmiştir. Araştırmanın sonunda okul ve ders kaynaklı sorunlar ile kişilik ile İlgili Sorunlar ve meslek- gelecek kaygısı sorunlarının en sık gözlenen sorunlar olduğu saptanmıştır. Sağlık ve beslenme sorunları ile ev ve aile ile ilgili sorunların ise en az gözlenen sorunlar olduğu ortaya konmuştur. Saptanan sorunların öğrencilerin cinsiyeti, yaşı ve sınıf düzeyine göre de anlamlı düzeyde farklılaştığı görülmüştür. Elde edilen bulgular tartışılmış ve öneriler geliştirilmiştir.

**Anahtar Kelimeler**: Öğrenci Sorunları, Problem Tarama, Kırgızistan Eğitim Sistemi.

# PROBLEMS OF THE EDUCATION SYSTEM OF KYRGYZSTAN ACCORDING TO STUDENTS' EVALUATIONS

**Abstract**

In modern education, the service area, oriented towards the factors that affect students' success, except school management and teaching services, is called student personnel services. The main purpose of the student personnel services is to provide students to take the advantage of the school. The success of schools in modern education system is possible through the cooperation and coordination of the teaching, management and student personnel services. The general aim of the research is to draw attention to the need for counseling and guidance in educational institutions in Kyrgyzstan. Within the framework of this general objective, it is aimed to identify problems experienced in schools based on the students' evaluations. It is expected that the frequency and severity of the problems to be identified will emphasize the lack of guidance services in schools. Descriptive screening method was used since the research was aimed at the determination of certain situations. According to the requirements of this method the problem scanning inventory was applied to 499 students between the ages of 12-17 and between 7 and 11 classes and the problems were examined and classified. At the end of the research it was determined that most common problems were related to school and courses, personality and worries about future-profession, while problems related to health and nutrition, home and family were among most rare problems. It was observed that the problems were significantly different according to students' gender, age and class level. The findings were discussed and recommendations were developed.

**Keywords**: Students' Problems, Problem Scanning, Education System of Kyrgyzstan

## 1. КИРИШҮҮ

Заманбап билим-берүүдө мектепте башкаруу жана окууту кызматтарынан тышта калган, бирок окуучунун ийгилигине таасир көрсөткөн факторлорго байланыштуу кызмат тармагы окуучуга багытталган индивидуалдык кызмат катары аталып келет (Балжы, 2011: 33-36; Gündüz, 2011: 54-60). Окуучуга багытталган индивидуалдык кызматтын негизги максаты окуучунун мектепти болушунча пайдалануусун камсыздоо

(Çetinkaya, 2014: 36-37). Заманбап билим-берүү системасында мектептердин ийгиликтүү боло алуусу окууту, башкаруу жана окуучуга багытталган индивидуалдык кызматтарынын кызматташуусу жана макулдашуусу менен гана ишке ашат (Özoğlu, 2007: 14-18).

Билим-берүүдө максатка жетүү, билим-берүү иш чараларыны мындан да жандуу түрдө улантуу үчүн билим-берүүгө жаңы кызмат тармактары кирген. Бул тармактардын бири окуучуга багытталган индивидуалдык кызматтары (Kuzgun, 1991: 33-36). Багыт беруу кызматы бул кызмат тайпанын ичинде орун алган (Kepçeoğlu, 1990: 14-16). Билим-берүүдө багыт берүү кызматы максаттарга жетүүгө көмөк көрсөтүү менен бирге максаттарга жетүүгө тоскоол болгон факторлорду алдын алуу кызматы катары пайда болгон (Nazlı, 2011: 24-30). Кесип жана түгөй тандоо ар бир адамды бактылуу кыла турган, жашоосуна таасир тийгизген, кайра оңдой алгыс маанилүү чечим болуп эсептелет (Yeşikyaprak, 2012: 69-73). Бул чечимдерде ката чечим кабыл алгандардын маңдайына көп көйгөйлөр жаралат. Ал менен бирге билим берүү ишинде болгону жеке адамды окутуу жана маалымат берүү гана жетиштүү болбойт. Жеке адамды психологиялык жана социалдык багыттан да күчтүү абалга алып келүү заманбап билим-берүүнүн эң маанилүү максаттарынан бири болуп эсептелет (Yeşikyaprak, 2015: 45-56). Ар бир адамда муктаждыктарын камсыздоо жана жашыруун күчтөрүн ишке ашырууда, албетте бир ык бар (Yeşikyaprak, 2010: 76-78). Билим-берүү атуулда коом күткөн өзгөчөлүктөрдү калыптандыруу, көндүмдөрдү пайда кылуу процесси катары эсептесе болот. Билим-берүүнүн максаты, жалпы түшүнүктө, жеке адамдын өзүнү өнүктүрүүсү, өзүнө жана коомго пайда алып келе турган абалга келүүсү (Hamarta, 2011: 69-73). Ушундан улам психологиялык, социалдык, экономикалык жана философиялык жактан багыт берүү кызматтары билим-берүү процессинен бөлүнбөй турган бөлүгү болуп эсептелет (Hıdır, 2010: 55-56).

Күнүбүздө билим берүү мекемелер санына жараша түр жагынан да көбөйүүдө, классикалык билим берүү мекемелер менен бирге бир канча кесиптик билим берүү мекемелер да, ачылган. Бир адам бул түрдүү билим берүү мекемелерден бирини тандоодо бир канча кыйынчылыкка дуушар болушу мүмкүн. Жада калса, булардын бир канчасын бар экенин билбей калышы да мүмкүн. Өзүнү келечекке даярдоону каалаган киши; бири-биринен айырмаланган максаттары болгон жана өзгөчө жөндөм, кызыгуу жана личносттук өзгөчөлүктөрдү талап кылган бул билим берүү мекемелердин ичинен тандай алышы үчүн жардамга муктаж болот (Yeşikyaprak, 2012: 69-73).

Мурдагы доордо коомдо кишинин эмнени жасап, жасабай турганы ачык түрдө көрсөтүлсө, күнүбүздө бул кишини таң калтыра турган деңгээлде аралаш абалга келген. Кыргызстанда батыш өлкөлөрүнө салыштырмалуу классикалык билим-берүү түшүнүгү дагы эле уланып жатат (Şişman ve Arı, 2009: 133-147). Классикалык билим-берүү түшүнүгүнүн астында билим жана тажрыйбаларды окуучуга берүү жатат жана окуучу бир гана канчалык үйрөнө алганы менен бааланат (Şahin, 2011: 11-15). Буга карама-каршы заманбап билим-берүү түшүнүгүнө ылайык; ар бир адам эркин жана өнүгүү кубаттуулугуна ээ (Halmatov, 2014: 21-22). Билим-берүүдө борбор, үйрөтүлө турган зат же мугалим эмес, окуучунун өзү. Заманбап билим-берүү системасы колдонула турган мектептерде окуучулардын кызыгуу жана жөндөмдүүлүгүн таанылышы үчүн багыт берүү кызматтарын четке кагуу мүмкүн эмес (Güneri, Aydın ve Skovholt, 2003: 53-63).

Бир тараптан көбөйүп жаткан калктын саны, башка тараптан технологиялык өнүгүүлөр жана буларга байланыштуу иш дүйнөсүн, өндүрүү куралдары жана кесиптердеги радикалдуу өзгөрүүлөр Кыргызстанда айыл аймактарын чоң шаарларга көчүүсү жана эски салттуу өндүрүү менен алектенген кесиптердин ордуна жаңы өзгөчө кесиптердин пайда болуусуна шарт түзгөн (Polat, 2011: 2-18). Бул да, чоң шаарлардагы иштөө шарттарын, иш табуу мүмкүнчүлүгүн чектөөдө, адамдын башка кесиптерге ээ болуусунда жана өзүнү өнүктүрүүсүнү милдеттүү абалга алып келет. Аны менен бирге шаардын кеңейиши жана шаардагы калктын санынын көбөйүүсү үй-бүлөнүн үйрөнүлгөн (салттуу) жашоо стилинде радикалдуу өзгөрүүгө жол ачат (Şişman ve Arı, 2009: 133-147). Технология жана өндүрүү куралындагы өнүгүүлөр алып келген чиелишкен абалдар үй-бүлө түзүлүшүн жана функциясын өзгөрткөн. Бул шарттардын негизинде жаңы муундардынк коомдун принциптерине, баалуулуктарына ылайыктуу болуп, өсүп, эффективдүү, натыйжалуу жана бактылуу бир жаран боло алашына жардам берген үй-бүлөсүнөн башка социалдык мекемелерге да, жоопкерчилик түшөт (Hatunoğlu ve Hatunoğlu, 2006: 333-338).

Күнүбүздө билим алып жаткан жаштардын маанилүү бөлүгү келечек, ден-соолук, ийгилик, бизнес аймагы, үй-бүлө куруу, социалдык байланыш сыяктуу көйгөйлөр менен карама-каршы (Manav, 2018: 44-45). Бул көйгөйлөр алардын туура маалыматка жетүүсүнө түрткү болот. Көйгөйлөрдү анализдөө шкаласын колдонуу менен жасалган изилдөөдө окуучулардын, келечек, жеке адамдын кулк-мүнөзү, ден-соолук, үй-бүлө, социалдык байланыш сыяктуу тармактарда көйгөйлөр көрүнгөнү көрсөтүлгөн. Бул абалды алдын алуу үчүн профессионалдуу жардамга муктаж бар болгон (Korkut, 2011: 113-115). Ушул бардык көйгөйлөрдүн жанында бүтүн дүйнөгө

агрессия жана зордуктун жайылуусу жана ар түрдүү маданиятта бангизаттарга болгон көз карандыларын санынын көбөйүүсү, мектептерде психологиялык кеңеш жана көмөк кызматтарынын маанилүү экенин көрсөтүп жатат.

Психология тармагында жасалган изилдөөлөр, адамдардын физикалык, сезимтал, акыл тарабынан бири-биринен айырмаланганын көрсөткөн (Güven, 2012: 61-54). Жөндөм, жетишкендик, билим денгээли, мурдагы жашоо тажрыйбалары, кызыгуулары, идеалдары, социалдык жана экономикалык абалы менен ар бир адам башкаларынан айырмаланат (Girgin, 2011: 48-51). Бул абал мугалимдердин окуучуларды ар тараптуу таанусуна милдеттүү кылат (Çakır, 2011: 77-79). Бул көмөк жана психологиялык кеңеш кызматтарынын иш чаралары менен ишке ашат. Демократияда ар бир адамга өзүнүн жөндөмдөрүнө жараша өнүгүү мүмкүнчүлүгүн сунуштоо маанилүү. Адамдын өзүнүн жашоосун пландоого, алдында турган ар түрдүү жолдордун эң ыңгайлуу болгонун тандоого, өзүнчө чечим чыгара алуу укугу бар (Bakırcıoğlu, 2005: 26-27).

Жасалган изилдөөнүн негизги максаты Кыргызстандагы билим-берүү мекемелеринде психологиялык кеңеш жана көмөккө болгон муктаждыкка көңүл буруу болуп эсептелет. Бул негизги максаттын алкагында окуучулардын баалоолоруна байланыштуу мектептерде көрүнүп жаткан көйгөйлөрдү аныктоо максат кылынган. Аныктала турган көйгөйлөрдүн көптүгү мектептердеги багыт берүү кызматтарынын жетишсиздигин баса белгилөөсү күтүлүүдө.

## 2. ЫКМА

Изилдөөдө абалды аныктоо максат кылып алынганы үчүн баяндоо методу колдонулган. Бул ыкманын талабына ылайык 12-17 жаш арасында өзгөргөн жана 7-11-класстар арасында билим алган 499 окуучуга көйгөйлөрдү анализдөө шкаласы колдонулган жана көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү группаларга бөлүү менен каралып чыккан. Жасалган аныктамалар окуучулардын жынысына, жашына жана классына карап да, анализ кылынган.

Изилдөөнүн суб-көйгөйлөрү төмөндөгүлөр:

1. Окуучунун пикирине ылайык эң көп көрүнгөн көйгөйлөрдүн түрү кайсылар?

2. Мектеп, мугалим жана сабак курал жабдыктарына байланыштуу көйгөйлөрдүн кайсынысы кандай деңгээлде байкалып жатат?

3. Жеке адамга байланыштуу көйгөйлөрдүн кайсынысы кандай деңгээлде байкалып жатат?

4. Кесип-келечек жана кирешеге байланыштуу көйгөйлөр кандай деңгээлде байкалып жатат?

5. Дос жана социалдык чөйрөгө байланыштуу көйгөйлөр кандай деңгээлде байкалып жатат?

6. Ден-соолук жана туура тамактанууга байланыштуу көйгөйлөр кандай деңгээлде байкалып жатат?

7. Үй жана үй-бүлөгө байланыштуу көйгөйлөр кандай деңгээлде байкалып жатат?

8. Окуучулар белгилеген көйгөйлөр жынысына, жашына жана классына карап айырмачылык көрсөтүп жатабы?

## 3. ӨРНӨКТӨМӨ

Изилдөөнүн популяциясы Кыргызстандын мамлекеттик мектептеринде билим алган 7-11-класстын окуучулары. Иш группасы катары Бишкек шаары, Ленинский жана Первомайский аймактары; Чүй аймагы, Кемин шаары, Чымкоргон, Кара Булак жана Кичи-Кемин айылдарынын мектептери тандалып алынган. Группалык өрнөктөмөлөр ыкмасы менен аталган аймактардагы мектептен бир бирден класс көрсөтүлгөн жана 193 кыз, 306 эркек окуучуга көйгөйлөрдү анализдөө шкаласы колдонулган. Изилдөөнүн максаты мектеп жетекчилерине жана мугалимдерге түшүндүрүлгөн, керектүү уруксат алынган жана катышуучулардан чын – дилинден жооп кайтаруусу өтүнгөн.

Изилдөөнүн өрнөктөмөсүнө байланыштуу маалыматтар 1-таблицада көрсөтүлгөн.

**1-таблица.** Изилдөөнүн өрнөктөмөсүнө байланыштуу маалыматтар

| жынысы | | | жашы | | | класс | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | N | % | | N | % | | N | % |
| Кыз | 193 | 38,7 | 12-13 | 128 | 25,7 | 7 класс | 105 | 21,0 |
| Эркек | 306 | 61,3 | 14-15 | 200 | 40,1 | 8 класс | 137 | 27,5 |
| | | | 16-17 | 170 | 34,1 | 9 класс | 70 | 14,0 |
| | | | | | | 10 класс | 104 | 20,8 |
| | | | | | | 11 класс | 82 | 16,4 |

### Маалыматтарды чогултуучу куралдар

Изилдөөдө Түркияда MEB тарабынан сунушталган жана официалдуу web сайтынан алынган көйгөйдү анализдөө шкаласы колдонулган. Окууучулар дуушар болгон көйгөйлөрдү, керектөөлөрдү белгилөө жана окуучуларга жардам берүү максатында даярдалган суроолор тизмеси. Бул тизмеде окуучулардын ден-соолук жана личносттук көйгөйлөрдү мектеп, үй, үй-бүлө, кесип, келечек жана коомдук байланышта көрүнгөн көйгөйлөрдү ортого коет. Чечүү жолуну табуу максатында жол көрсөтүү

иштеринин планы камсыздалат. Окуучулар да, өздөрүнүн көйгөйлөрүн, каалоолорун жана муктаждыктарынын айырмалай алышына жардамчы болот. O жана L тайпа болгон 2 башка тизме бар. O тайпасы 6-7-8- класстарга L тайпасы болсо, башталгыч класстын окуучуларына колдонулат. Жасалган изилдөөдө O тайпасы колдонулган. Шкала; (1) ден-соолук жана туура тамактануу, (2) мектеп, мектеп-мугалим жана сабак, (3) коомдук байланыш, (4) үй жана үй-бүлө, (5) кесип жана келечек, (6) личносттук - өлчөмдөр боюнча 50 суроодон турат. Көйгөйлөрдү анализдөө шкаласы кылдаттык менен которулган тил жана маданият эске алынган. Бул темада жасалган иште негизги принцип катары Brilsin vd.(1973: 182) нын сунуштаган этаптары колдонулган. Бул этаптар төмөнкүлөр: (1) Котормо тилге которуу, (2) Котормону баалоо, (3) Оригинал тилге кайра которуу жана (4) Кайра которууну баалоо. Бул иштин негизинде кыргызсчага которулган көйгөйлөрдү анализдөө шкаласы 38 кишиден түзүлгөн жана изилдөөнүн өрнөктөмү менен окшош өзгөчөлүктөрдү алып жүргөн бир тайпага колдонгон. Бул практиканын аягында суроолордун анализи каралып чыккан, иштебеген 10 суроо чыгарып, ички ырааттуулугу алынган. (r=.92).

**Анализдин методу**

Көрсөтүлгөн анализде баяндоо статистикалык баалоолору эсептелген, жыныс, жаш жана класс денгээли өзгөрмөлүүлүгүнө жараша айырмачылык маанилүү экени t тестти жана дисперсия анализи менен сыноодон өткөрүлгөн. Дисперсия анализинин аягында маанилүү байланышы бар болгон тайпаларда айырмачылыгын аныктоо максатында Тукей тестти колдонулган.

**Ачылыштар жана комментарийлер**

Окуучулардын көйгөйлору 6 группага болунгон алардын негизинде 40 көйгөйгө байланыштуу жоопторго анализ жасалган. Тандалып алынган тайпаны түзгөн окуучулардын көйгөй тандоо жолунда орун алган 40 суроого берген жооптор мурун 6 көйгөй түрүндө бөлүштүрүлүп каралып чыккан. Кийинчерээк болсо, ар бир көйгөй тайпасында болгон пункт эң көп билдирилген жана эң аз билдирилген көйгөйлөргө жараша тизмектелген. Жасалган бул анализдин аягында алынган жыйынтыктар көрсөтүлгөн.


**3.1. Окуучунун көз-карашына ылайык эң көп көрүнгөн көйгөйлөрдүн түрлөрү**

Окуучунун көз-карашына ылайык алты көйгөй тобуна байланыштуу алынган ачылыштар 2 -таблицада көрсөтүлгөн.

**2-таблица.** окуучунун көз-карашына ылайык алты көйгөй тобунун маанилүү тизмеги

| | N | Жалпы | Орточо | Пайыз |
|---|---|---|---|---|
| Мектеп жана курал жабдыктарынын проблемалары | 499 | 174 | 0.35 | 34.84 |
| Жеке адамга байланыштуу көйгөйлөр | 499 | 144 | 0.29 | 28.94 |
| Кесип-киреше-келечек тынчсыздануу көйгөйлөрү | 499 | 97 | 0.19 | 19.34 |
| Дос жана социалдык чөйрөгө байланыштуу көйгөйлөр | 499 | 89 | 0.18 | 17.88 |
| Ден-соолук жана туура тамактанууга байланыштуу көйгөйлөр | 499 | 73 | 0.15 | 14.59 |
| Үй жана үй-бүлөгө байланыштуу көйгөйлөр | 499 | 36 | 0.07 | 7.16 |

2-таблица каралып чыкканда окуучулар эң көп мектеп жана сабак курал жабдыктары (34.84 %) жана жеке адамдын кулк-мүнөзүнө байланыштуу көйгөйлөрдүн (28.94 %) башынан өткөндөрү билдирилген. Окуучулардын эң аз башынан өткөргөн эки көйгөй тобу болсо, ден-соолук жана туура тамактанууга байланыштуу көйгөйлөр (14.59 %) жана үй жана үй-бүлөгө байлданыштуу көйгөйлөр (7.16 %). Башка көйгөйлөрдүн абалына байланыштуу орточо эсеп жана пайыздар 2-таблицада турат. Алты көйгөй тобуна байланыштуу окуучунун көз-караштарына ылайык ачылыштар 1- графикте көрсөтүлгөн.




**1-график.** Окуучулардын көз карашы боюнча байкалган көйгөйлөрдүн маанилүү тизмеги

Алты топтун ар биринин ичинде жайгашкан көйгөйлөр да, өз ара каралып чыккан. Мектеп жана сабак курал жабдыктарына байланыштуу көйгөйлөрдүн жыйынтыктары 3-таблицада көрсөтүлгөн.

### 3.2. Мектеп жана сабак курал жабдыктарына байланыштуу көйгөйлөр

**3-таблица.** Окуучунун көз-караштарына ылайык мектеп жана сабактарга байланыштуу көйгөйлөрдүн маанилүү тизмеги

| | N | Жалпы | Орточо | Пайыз |
|---|---|---|---|---|
| Мугалимдер түшүнүксүз | 499 | 253 | 0.51 | 50.70 |
| Сабактар түшүнүксүз | 499 | 235 | 0.47 | 47.09 |
| Сабактардын көбү керек эмес | 499 | 200 | 0.40 | 40.08 |
| Сабак куралдарыбыз жетишсиз | 499 | 188 | 0.38 | 37.68 |
| Мектебибиз таза эмес | 499 | 154 | 0.31 | 30.86 |
| Классыбызда окуучу көп | 499 | 108 | 0.22 | 21.64 |
| Устакана, лабаратория, спорт зал жана китепканабыз жок | 499 | 79 | 0.16 | 15.83 |

Мектеп жашоосуна жана сабактарга байланыштуу көйгөйлөр каралганда окуучулар эң көп мугалимдердин түшүнүксүздүгүн билдирген (50.7%). Бул көйгөйдө сабактардын түшүнүктүү болбошу көрүнгөн (47.09%). Муну менен бирге окуучулардын 40 пайызы сабактардын көбү керек эмес экенине ишенишет. Мектеп жашоосу жана сабак курал жабдыктарына байланыштуу калган көйгөйлөрдүн орточо эсеби жана пайыздары 3-таблицада көрсөтүлгөн.

### 3.3. Жеке адамдын кулк-мүнөзүнө байланыштуу көйгөйлөр

Көйгөйлөрдү анализдөө тизмесинин жеке адамдын кулк-мүнөзүнө байланыштуу көйгөйлөр тобунда окуучулар билдирген көйгөйлөр 4-таблицада көрсөтүлгөн.

**4-таблица.** Окуучунун көз-карашына ылайык жеке адамдын кулк-мүнөзүнө байланыштуу көйгөйлөрдүн маанилүү тизмеси

| | N | Жалпа | Орточо | Пайыз |
|---|---|---|---|---|
| Ийгиликсиз болуудан корком | 499 | 245 | 0.491 | 49.10 |
| Нервтерим жука | 499 | 170 | 0.341 | 34.07 |
| Тартынчак жана уялчакмын | 499 | 153 | 0.307 | 30.66 |
| Жалгыз калгандан корком | 499 | 153 | 0.307 | 30.66 |
| Баары мени жакшы көрүүсүн каалайм | 499 | 138 | 0.277 | 27.66 |
| Сүйлөшүп жатканда аябай толкунданамын | 499 | 138 | 0.277 | 27.66 |
| Тарынчаакмын | 499 | 137 | 0.275 | 27.45 |

4-таблица каралып чыкканда ийгиликсиз болуу коркусу окуучулардын жарымында бирдей экени көрүнүп турат (49.10%). Бул көйгөй тизмеги менен нервтердин жука болушу (34.07%), тартынчак жана уялчак (30.66%), жалгыз калгандан корккон (30.66%), баары мени жакшы көрүшүн каалаган (27.66%), сүйлөшүп жатканда аябай толкундангандар (27.66%) жана тарынчаактар (27.45%) көрүнөт.

### 3.4. Кесип жана келечекке байланыштуу көйгөйлөр

Кесип жана келечекке байланыштуу көйгөйлөрдөгү орточо эсеп жана пайыздарды 5-таблицада көрсөтүлгөн.

**5-таблица.** Окуучунун көз-карашына ылайык кесип жана келечекке байланыштуу көйгөйлөрдүн маанилүү тизмеси

| | N | Жалпа | Орточо | Пайыз |
|---|---|---|---|---|
| Дагы эле келечекке байланыштуу бир чечим чыгара элекмин | 499 | 224 | 0.45 | 44.89 |
| Мектепти бүтүп эле иштешим керек | 499 | 59 | 0.12 | 11.82 |
| Үй-бүлөм мен каалаган окууга тапшырышыма уруксат бербей жатат | 499 | 51 | 0.1 | 10.22 |
| Мектепти бүткөндө эле үй-бүлөм мени турмушка бергени жатат | 499 | 19 | 0.04 | 3.81 |
| Үй-бүлөм жогорку окуу жайда окуумду улантууга уруксат бербей жатат | 499 | 11 | 0.02 | 2.20 |

Кесип жана келечекке байланыштуу көйгөйлөрдү карап чыкканда, келечекке байланыштуу чечкинсиз көйгөй биринчи орунда турганы көрүнүп турат (44.89%). Кесип жана келечек абалында мектепти бүтөрү менен иштеш керек болгон экинчи орунда (11.82%), үй-бүлөсү тандаган окууда окуганы мажбур калгандар үчүнчү орунда(10.22%), турмуш куруу мажбурунда калгандар төртүнчү орунда (3.81%) жана жогорку окуу жайга тапшырбай калуу коркусу акыркы орунда турат (2.20%).

### 3.5. Дос жана социалдык чөйрөгө байланыштуу көйгөйлөр

Дос жана социалдык чөйрөгө байланыштуу көйгөйлөрдүн орточо эсеп жана пайыздары 6-таблицада көрсөтүлгөн.

**6-таблица.** Окуучунун көз-карашына ылайык дос жана социал чөйрөгө байланыштуу көйгөйлөрдүн маанилүү тизмеги

| | N | жалпы | орточо | пайыз |
|---|---|---|---|---|
| Мугалимдерим менен эркин түрдө сүйлөшө албайм | 499 | 136 | 0.27 | 27.25 |
| Баары менен эркин мамиле түзө албайм | 499 | 124 | 0.25 | 24.85 |
| Эч ким менен достук мамиледе болгум келбейт | 499 | 113 | 0.23 | 22.65 |
| Мектептеги досторум менен арабыз жакшы эмес | 499 | 46 | 0.09 | 9.22 |
| Досум болбогонуна кайгырам | 499 | 27 | 0.05 | 5.41 |

Адамдын мамилелери жана байланышы тууралуу көйгөйлөрдө орун алган дос жана социалдык чөйрөгө байланыштуу көйгөйлөрдү изилдеп карап чыкканда мугалимдер менен эркин түрдө сүйлөшө албоо көйгөйү биринчи орунда (27.25 %). Муну менен бирге окуучулардын болжол менен төрттөн бири ар ким менен эркин түрдө мамиле кура албагандар (24.85 %) жана эч ким менен достук мамиле курбаганы (22.65 %) болгону билинген. Мектептеги достору менен келише албастык (9.22 %) жана досу жогу (5.41 %) көйгөйлөр болсо, бул тайпада эң аз көрүнгөн көйгөйлөр болуп чыкты.

### 3.6. Ден-соолук жана туура тамактанууга байланыштуу көйгөйлөр

Ден-соолук жана туура тамактанууга байланыштуу көйгөйлөрдүн орточо эсеби жана пайыздары 7-таблицада көрсөтүлгөн.

**7-таблица.** Окуучунун көз-карашына ылайык ден-соолук жана туура тамактанууга байланыштуу көйгөйлөрдүн маанилүү тизмеги

| | N | жалпы | орточо | пайыз |
|---|---|---|---|---|
| Баш оору | 499 | 174 | 0.35 | 34.87 |
| Көрүүгө байланыштуу маселе | 499 | 137 | 0.27 | 27.45 |
| Ич оору | 499 | 78 | 0.16 | 15.63 |
| Тамак-алкым бези-оозго байланыштуу маселе | 499 | 74 | 0.15 | 14.83 |
| Туура жана убагында тамактанбоо маселеси | 499 | 74 | 0.15 | 14.83 |
| Кулак жана угуу маселеси | 499 | 42 | 0.08 | 8.42 |

7-таблицага караганда, ден-соолук көйгөйлөрүнүн көлөмү боюнча окуучулардын үчтөн бири баш оору маселесин билдиргени көрүнүп турат (34.87 %). Бул маселени көрүүгө байланыштуу маселелер (27.45 %). Бул көлөмгө салыштырмалуу мындан да аз учураган ич оорусу (15.62 %), тамак оорусу (14.83 %), туура жана убагында тамактанбоо (14.83 %) жана кулак жана угууга байланыштуу (8.42 %).

### 3.7. Үй жана үй-бүлөгө байланыштуу көйгөйлөр

Үй жана үй-бүлөгө байланыштуу көйгөйлөрдүн орточо эсеби жана пайыздары 8-таблицада көрсөтүлгөн.

**8-таблица.** Окуучунун көз-карашына ылайык үй жана үй-бүлөгө байланыштуу көйгөйлөрдүн маанилүү тизмеси

| | N | Жалпы | Орточо | Пайыз |
|---|---|---|---|---|
| Үй -бүлөмдү ашыкча эле түшүнүксүз көрөм | 499 | 64 | 0.13 | 12.83 |
| Бир тууганым менен келише албайм | 499 | 44 | 0.09 | 8.82 |
| Апам менен атамдын ажырашкандарына кайгырам | 499 | 43 | 0.09 | 8.62 |
| Апам менен атам тез-тез урушушат | 499 | 36 | 0.07 | 7.21 |
| Үй-бүлөмдүн мага ишеничи жок | 499 | 33 | 0.07 | 6.61 |
| Атам мени жакшы көрбөйт | 499 | 16 | 0.03 | 3.21 |
| Апам мени жакшы көрбөйт | 499 | 14 | 0.03 | 2.81 |

Жасалган изилдөөдө эң аз үй жана үй-бүлө көйгөйүү экени байкалды. Көйгөйлөргө салыштырмалуу эң жогорку жыштыкка ээ болгон көйгөй үй бүлөсүнүн ашыкча эле түшүнүксүз болушу (12.83). Бир тууганы менен келише албастыгы (8.82%), ата-энеси ажырашкандар (8.62%), ата-энеси урушкандар (7.21%), ишенимсиздик (6.61%), ата мээримин сезбегендер (3.21%) жана апа мээримин жетиштүү көрбөгөндөр (2.81%) байкалган.

**3.8. Бардык көйгөйлөрдү караганда окуучунун көз-карашына ылайык эң көп көрүнгөн 10 көйгөй**

Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды бирге караганда Кыргызстандын билим-берүү системасында окуучунун баалоолоруна ылайык эң көп көрүнгөн 10 көйгөй 9-таблицада көрсөтүлгөн.

**9-таблица.** Баардык көйгөйлөрдү бирге караганда окуучунун көз-карашына ылайык эң көп көрүнгөн 10 көйгөй

| | N | Жалпы | Орточо | Пайыз |
|---|---|---|---|---|
| Мугалимдер түшүнүксүз | 499 | 253 | 0.51 | 50.70 |
| Ийгиликсиз болуудан коркуу | 499 | 245 | 0.49 | 49.10 |
| Сабактар түшүнүктү эмес | 499 | 235 | 0.47 | 47.09 |
| Келечек үчүн дагы эле чечим чыгара элекмин | 499 | 224 | 0.45 | 44.89 |
| Сабактардын көбү керек эмес | 499 | 200 | 0.40 | 40.08 |
| Сабак куралдарыбыз жетиштүү эмес | 499 | 188 | 0.38 | 37.68 |
| Баш оору | 499 | 174 | 0.35 | 34.87 |
| Нервдик жукалыгы | 499 | 170 | 0.34 | 34.07 |
| Мектебибиз таза эмес | 499 | 154 | 0.31 | 30.86 |
| Тартынчак жана уялчак | 499 | 153 | 0.31 | 30.66 |

Изилдөө шкаласын бир бүтүн катары карап чыкканда мугалимдердин түшүнүксүздүгү (50.70%), ийгиликсиз болуу коркусу (49.10%) жана сабактардын түшүнүксүздүгү (47.09%) алгачкы үч орунда турат. Нервдин жукалыгы (34.07 %), мектептин таза эместиги (30.86%), тартынчак жана уялчактык (30.66 %) эң көп көрүнгөн он көйгөйдүн ичинде акыркы орунда турат. Эң көп учураган 10 көйгөй изилденгенде көйгөйлөрдүн беши мектеп жана мугалимдерге байланыштуу экени, адамга байланыштуу үч, келечекке болгон тынчсыздануу жана ден-соолукка байланыштуу көйгөйлөргө бир, көйгөйдүн алгачкы ондун ичинде орун алганы көрүнгөн.

**3.9. Бардык көйгөйлөрдү караганда окуучунун көз-карашына ылайык эң аз көрүнгөн 9 көйгөй**

Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды бирге караганда Кыргызстандын билим-берүү сисметасында окуучуну баалоодо эң аз көрүнгөн 10 көйгөй 9-таблицада көрсөтүлгөн.

**10-таблица.** бардык көйгөйлөрдү бирге караганда окуучунун көз-карашына ылайык эң аз көрүнгөн 10 көйгөй

| | N | Жалпы | Орточо | Пайыз |
|---|---|---|---|---|
| Ата-энемдин ажырашкандарына кайгырам | 499 | 44 | 0,09 | 8,82 |
| Бир тууганым менен келише албайбыз | 499 | 43 | 0,09 | 8,62 |
| Кулак жана угуу көйгөйү | 499 | 42 | 0,08 | 8,42 |
| Ата-энем тез-тез урушушат | 499 | 36 | 0,07 | 7,21 |
| Үй-бүлөмүн мага ишеничи жок | 499 | 33 | 0,07 | 6,61 |
| Досум жок экенине кайгырам | 499 | 27 | 0,05 | 5,41 |
| Мектепти бүтөрүм менен үй-бүлөм мени турмушка бергиси келип жатат | 499 | 19 | 0,04 | 3,81 |
| Атам мени жакшы көрбөйт | 499 | 16 | 0,03 | 3,21 |
| Апам мени жакшы көрбөйт | 499 | 14 | 0,03 | 2,81 |
| Үй-бүлөм жогорку окуу жайга окумду каалабай жатат | 499 | 11 | 0,02 | 2,20 |

Изилдөө шкаласы бир бүтүн катары каралганда, эң аз көрүнгөн 10 көйгөй ичинде ата-энемдин ажырашканы (8.82 %), бир тууганым менен келише албайбыз (8.62 %), кулак жана угуу көйгөйү (8.42 %) алкачкы үч орунда турат. Ата (3.21 %) жана апа (2.81%) тарабынан жетиштүү мээрим жок экени менен жогорку окуу жайында окубай турган (2.20 %) болсо, бардык көйгөйдү анализдөө шкаласында орун алган көйгөйлөрдүн ичинде эң аз көрүнгөндөр болду. Эң аз көрүнгөн 10 көйгөйдүн алтоосу үй жана үй-бүлө, экөөсү келечекке болгон тынчсыздануу, бирөөсү ден-соолук жана бирөөсү да, дос жана социалдык чөйрөгө байланыштуу экени көрүнгөн.

### 3.10. Окуучунун көз-караштарына ылайык аныкталган көйгөйлөрдүн демографиялык факторлор менен байланышы

Окуучулар көрсөткөн көйгөйлөр жынс, жаш жана класс өзгөчөлүктөрүнө ылайык каралган. Бул темада алынган маалыматтар төмөндө көрсөтүлдү.

### 3.11. Окуучунун көз-караштарына ылайык эң көп көрүнгөн көйгөйдүн түрлөрүнүн жыныс өзгөчөлүгүнө карай изилдөөдөн алынган маалыматтар

Алты көйгөй тобуна байланыштуу окуучу көз-караштарынын жыныс өзгөчөлүгүнө ылайык изилдөөдөн алынган маалыматтар 11-таблицада көрсөтүлгөн.

**11-таблица.** Окуучунун көз-карашына ылайык эң көп көрүнгөн көйгөй түрлөрүнөн жыныс өзгөчөлүгүнө ылайык аныкталуусу

| Көйгөй түрлөрү | Жынысы | N | Орточо | Std. D. | Std. E. | t | *p* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Мектептеги сабак көйгөйлөрү | Кыз | 193 | .36 | .24 | .01 | . 776 | .438 |
| | Эркек | 306 | .34 | .24 | .01 | | |
| Адамга байланыштуу көйгөйлөрү | Кыз | 193 | .24 | .19 | .01 | -3.957 | .001** |
| | Эркек | 306 | .32 | .22 | .01 | | |
| Кесип жана келечек көйгөйлөрү | Кыз | 193 | .15 | .18 | .01 | .966 | .335 |
| | Эркек | 306 | .14 | .13 | .00 | | |
| Дос жана социал чөйрө көйгөйлөрү | Кыз | 193 | .15 | .20 | .01 | -2.865 | .004** |
| | Эркек | 306 | .20 | .21 | .01 | | |
| Ден – соолук жана туура тамактануу көйгөйлөрү | Кыз | 193 | .16 | .20 | .01 | -3.229 | .001** |
| | Эркек | 306 | .22 | .18 | .01 | | |
| Уй жана үй – бүлө көйгөйлөрү | Кыз | 193 | .07 | .11 | .00 | -.560 | .576 |
| | Эркек | 306 | .07 | .14 | .00 | | |

